# 2010-ЖЫЛДЫН 7-АПРЕЛИНЕ ЧЕЙИНКИ НАРЫН РЕГИОНУНДАГЫ ЭЛДИК ТОЛКУНДООЛОРДУН ЖҮРҮШҮ

**БЕКТЕМИРОВА А.К., ЖУМАБАЕВ М.Э.**
biblionsu@rambler.ru

Үстүбүздөгү жылы 2010-жылдын 7-апрелиндеги кандуу окуянын 3 жылдыгы өткөрүлдү. Ага ар түрдүү баа берилип келүүдө, ошентсе да 7-апрель окуясы толук өз баасын ала элек. Бирок бул күн өлкөбүздүн тагдыры үчүн эң маанилүү күндөрдүн бири болуп калгандыгы талашсыз. Ушул кандуу окуядан соң мамлекетибизде чоң өзгөрүүлөр башталды. Бир катар саясатчылардын пикири боюнча «Апрель революциясы» Таластан башталган. Ооба, 2010-жылдын 6-апрелиндеги Талас шаарындагы болуп өткөн окуялардын да өзүнүн терең орду бар. Чындап эле ошол күнү бул аймактагы борбордук бийликтин кулашы 7-апрелдеги борбордогу окуялардын жүрүшүнө жана өнүгүшүнө өзгөчө таасир берген.

Эгер апрель окуяларын социалдык революция катары бааласак анын көптөгөн себептери бар болчу жана ал күтүүлүчү окуя эле. Мисалы, мамлекеттеги маанилүү кызматтарды президенттин үй бүлө мүчөлөрү жана жакындары ээлеп алышы, бюджеттик каражаттардын, чет элдик кредиттердин туура эмес пайдаланылышы, бийликтегилердин жоопкерсиздиги, криминалдын күч алышы, коммуникациялык кызматтардын кымбатташы, ири мамлекеттик объектилердин туура эмес сатылышы ж.б.

Ал эми бир катар адамдардын пикири боюнча революция Нарын регионунан башталган. Чындыгында эле Нарындагы окуялардын өнүгүшү төмөндөгүдөй болгон.

***24-февраль 2010-жыл.*** Нарын шаарынын РТС аймагындагы «Нарын 70» паркында «Электр жана жылуулук энергиясынын жогорулашына» каршы тынчтык митинги болуп өткөн. Бул наразылык акциясы «Демократия жана жарандык коом үчүн коалициясынын» Нарын регионундагы өкүлчүлүгү тарабынан уюштурулган. Митингге эки ай мурда эле даярдыктар көрүлө баштаган. 2000 ден ашуун Нарындын тургундары электр жарыгына болгон баалардын кескин кымбатташына, бийик толуу аймакка каралып келген жеңилдиктердин алынып салынышына наарзычылыктарын билдиришкен[1].

Чогулган элдин көпчүлүгүн Нарын шаарынын тургундары, айрыкча РТС аймагынын жашоочулары түзгөн. Ошондой эле алардан сырткары митингге жакынкы Дөбөлү жана Кеңеш айылдарынын тургундары да келип катышышкан[2]. Алар: «Светтин кымбатташын төлөй албайбыз!», «Үнүбүздү ук бийлик!», «Бизге да жашоо керек!», – деген плакаттарды көтөрүп жүрүшкөн.

Митингде «Электр энергиясынын тарифтери мурунку деңгээлинде калтырылсын жана «Жетим Тоо» сыяктуу стратегиялдык объекттер, тоо, кен байлыктары чет өлкөлүктөргө сатылбасын деген талаптарды коюшуп[3], президентке, өкмөт башчысына, Жогорку Кенештегилерге жана жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө кайрылуу жиберишкен. Митингге чогулган эл: «Эгерде бул маселе 10 күндүн аралыгында чечилбесе митинг мындан ары да уланат» – деп билдиришкен.

Нарын шаарынан сырткары Кочкор районунун тургундары Аликбек Жекшенкуловдун соту оң жакка чечилбесе, алар да козголоңго чыгышаарын айтышкан.

Мындан бир аз өтпөй Нарын шаарынын укук коргоо органдары тарабынан митингдин уюштуруучуларга жана алардын туугандарына кысым көрсөтүлө баштаган. Аларга митингди мыйзамсыз өткөрүп жатасыңар деген айып тагылган. Ушундан соң мындан ары да уюмдашып, туруктуу иш алып баруу үчүн 21 адам мүчө болгон **«Элдик кыймыл»** түзүлгөн.

---

[1] Форум. – 2010. – 26-февраль.
[2] Вечерний Бишкек. – 2010. – 26 февраля.
[3] Теңир Тоо . – 2013. – 9-апрель.

***2010-жылы 10-мартта*** Нарын шаарынын борбордук стадионунда «Демократия жана жарандык коом үчүн коалициясынын» Нарын регионундагы өкүлчүлүгү тарабынан уюштурулган тынчтык митинги болуп өткөн. Митингге 10 миңге жакын адам катышып, ошол кездеги оппозициянын лидерлери Роза Отунбаева, Топчубек Тургуналиев, «Ата-Мекен» партиясынан А.Шыкмаматов жана «Ак Шумкар» партиясынын лидери Темир Сариев ж.б. да чыгып сүйлөшкөн. Бакиевдердин үй-бүлөлүк бийлиги, коррупция, уюлдук операторлордун жана электр энергиясынын тарифтеринин кескин жогорулашы, мамлекеттин байлыктарынын сатылышы сынга алынып, бийлик башындагыларга 13 талап коюлган[4]. Мурдагы митингде эч кандай оппозиция мүчөлөрү жок эле эл өз каалоосу менен митингге чыгышса, бул жолкусунда социалдык, экономикалык талаптарга, саясий талаптар дагы кошулган.

Митингдин уюштуруучуларынын бири Э.Асаналиев: «Эгерде биздин тарифтик талаптарыбыз аткарылбаса биз өзүбүздүн кыймылыбызды уланта беребиз. Мындай жол менен биз максатыбызга жетээрибизге көзүм жетпей калды, ошондуктан кийинки акцияларыбызды жөө жүрүш түрүндө жасайбыз. Бийликтегилерге 17- мартка чейин убакыт беребиз»[5] - деген билдирүүсү көпчүлүк тарабынан кызуу колдоого алынган.

**2010-жылы 12-мартта** ошол кездеги Өкмөт башчысы Данияр Үсөнов Нарын облусунун губернаторун, Нарын шаарынын мэрин жана «Элдик кыймылдын» мүчөлөрүн кабыл алган. Барган делегаттар өздөрү күткөн жоопту ала алышпаган соң, 16-мартка чейин Нарын элинин талаптарын аткарып беришпесе, алар бардыгына даяр экендиктерин билдиришип, нааразы болуп кайтышкан.

**2010-жылы 17-мартта** коюлган талаптар аткарылбаган соң, Нарын шаарынын борбордук аянтында кайрадан тынчтык митинги болуп өткөн. Митингдин катышуучулары Кыргыз Республикасынын президентине төмөнкүдөй кайрылуу жасашкан: «*Биздин сизге кайрылуубуздун себеби, 24-февраль 2010-жылы Нарын шаарындагы РТС аймагындагы «Нарын-70» паркында «Электр жана жылуулук тарифтеринин жогоруулашына каршы» тынчтык митинги болуп өткөн. Ал жерде калктын кабыл алган кайрылуусунун негизинде бийлик 10 күндүн ичинде коюлган талаптардын орундатылышы каралган. Көп узабай министрлердин орун басарлары, биринчи вице премьер- министр баш болуп эл менен жолугушуу өткөрүшүп, жыйынтыгында эч бир тараптан канааттандыраарлык жоопту калк ала албаган себептүү 10- март 2010 жылы кайрадан тынчтык митингине чыгууга аргасыз болгон. Атайын эл тарабынан шайланган өкүлдөр (19 делегат) Кыргыз Республикасынын премьер- министри Данияр Үсөновдун жеке чакыруусунун негизинде 12.03.2010. 4 саатка чукул сүйлөшүлүп, эч кандай канааттандыраарлык жооп алынган эмес, тескерисинче премьер- министр Данияр Үсөнов тарабынан «24 kg» маалыматтык агенттигинен жогорудагы элдик делегаттарды «Провокаторлор» деп маалымат берген. Ошол себептүү 17-март 2010 жылы Нарын шаарындагы борбордук аянтта элдин өзүнүн демилгеси менен өткөн тынчтык митингинде төмөндөгүдөй талаптарды койдук:*

1. Электр жана жылуулукка болгон тарифтерди кайра карап чыгуу менен мурунку калыбында калтыруу;
2. Бийик тоолуу аймактардагы калкка болгон кошумча 50%дык төлөмдөр өзгөрүүсүз калтырылсын;
3. Республиканын бийик тоолуу региондорунда 110 кВт тык женилдиктер кайрадан каралсын;
4. Солтон-Сары, Ак-Сай, Арпа, Жетим-Тоо кен байлыктарын ижарага берүүсүн жана чалгындоо иштерин жүргүзүүнү токтотушсун;
5. Электр жана жылуулукка болгон пениялар түп тамырынан алынып салынсын;
6. «Север», «Восток» электр акционердик коомдору жана «Кыргыз Телеком» эл байлыгы боюнча калсын. «Восток» электро сатылса, Нарын демилгелүү тобу өкмөт башчысы Д. Үсөнов сатам деген 1$ (долларга) (Данияр Үсөнов: «ноябрда биз тарифтерди өтөрүп атканда

[4] Теңир тоо. – 2013. – 9-апрель.
[5] Э.Асаналиев менен болгон маектин стенограммасы. (2011-жыл, февраль). Изилдөөчүнүн талаа дептеринен. –2011. – февраль.

айткан элем, ким эртең келип «Түндүк электрону» бир долларга алам десе, сатып жиберем деп» деген сөзүнө карата.)[6] сатып алуу менен элдик ачык акционердик коомго айландырууга даяр экенинибизди маалымдайбыз;

*7.* Исмаил Исаков боштондука чыгарылсын;

*8.* Ысык-Көл жана Петровка окуясындагы камактагылар бошотулсун;

*9.* УТРК, ЭлТР калктын көйгөйлөрүн, талаптарын, өлкө боюнча болуп жаткан тынчтык митингдерин бурмаланбаган абалда эфирден көрсөтүлсүн жана «Азаттык» радиосу региондордо үзгүлтүксүз эфирден берилсин;

*10.* Кыргыз Республикасынын премьер-министри Данияр Үсөнов 15.03.2010 жылы Бишкек ИА «24kg» маалымат агенттигинен Нарын элинин атынан барган атайын делегаттарды «Провокаторлор» деген сөзү үчүн сот жообуна тартылып, отставкага кетсин;

*11.* Элге берилген кредит, ссуддалардын пайыздары арзандатылып, узак мөөнөт менен берилүүсүн талап кылабыз;

*12.* Тынчтык митингдерин уюштуруучуларга жана катышуучуларга бийлик тарабынан ар түрдүү кысымдар токтотулсун;

*Жогорудагыдай коюлган талаптарды тынчтык митингине чогулган 4000 ден ашуун калың калк кол коюу менен биздин Президентибиз К.С.Бакиев сизге да кайрылуу жолдодук. Биздин талаптарды 23-24 марттагы ынтымак курултайында карап чыгуу менен орундата албасаңыз 29-мартта «Президент бийликтен кетсин!»,- деген талап менен Бишкек- Торугарт жолу буулуп, тынчтык митинги- Бишкекке карай жөө жүрүш менен уланат.*

*Сизди туура чечим кабыл алуу менен талаптарды орундата алууңузга ишеним арткан жалпы Нарын облусунун калкы[7]!*

*17 – март 2010 жыл.*

**2010-жылы 29-мартында** ошол кездеги премьер – министр Данияр Үсөнөв бир катар министрлер, депутаттар менен бирге Нарын шаарынын борбордук аянтында теңир тоолуктар менен жолугушкан. Данияр Үсөнов учурдун эң көйгөйлүү маселеси болгон энергетика маселесине токтолуп, энергетика тармагы жыйырма жылдан бери капиталдык ремонттон өтпөгөндүгүн, бул үчүн миллиондогон сом каражат инвестициялар керектигин, эски тарифтер менен бул маселе чечилбей келаткандыктан, тарифтер көтөрүлүп жаткандыгын, ал эми нарындыктарга 50%дык жеңилдиктер берлип жаткандыгын айткан.[8]

Өкмөт башчы Жетим-Тоо, ошондой эле Ак-Сай, Арпа жайлоолору, Кара-Кече көмүр кени, Солтон-Сары алтын кени боюнча суроолорго жооп берген. Жетим-Тоого бир нече жыл мурда үч Кытай компаниялары чалгындоо иштерин жүргүзгөндөрүн, ал жерде 1 ден 6 миллиард тоннага чейинки темирдин кору бар экенин айтып өтүп, ал жердеги темирдин запасы даана, так аныкталбагандыктан кытайлыктарга берүү маселеси чечиле электигин айткан[9]. Ошондой эле ал Жетим-Тоону иштетүү тиешелүү изилдөөлөрдөн кийин жүргүзүлөөрүн дагы кошумчалаган[10]. Ал эми Ак-Сай, Арпаны саясий иштерге айлантпоолорун, ал 1994- жылы эле Кытай менен чектешкен чегаралар боюнча демаркация бүткөнүн, жыйынтыгында талашка түшкөн аймактардын 70% биз тарапка, ал эми 30% Кытай тарапка өткөндүгүн, Кара-Кече, Солтон-Сары кендеринин мамлекет тарабынан иштетилип келе жаткандыгын билдирген[11].

Андан сырткары 15-апрелден баштап Бишкек-Нарын-Торугарт авто жолу төрт жерден курула башталаары, Кочкор-Жумгал-Суусамыр жолдору жасалып, Ош трассасына кошулаарын, Нарын

---

[6] Форум. – 2010. – 26-февраль.

[7] Нарын элинин К.С.Бакиевге жиберилген кайрылуу катынын тексти.

[8] Тенир-Тоо. – №23-24. – 2010. – 31-март.

[9] Вечерний Бишкек. – №52. – 2010. – 3- март.

[10] Тенир-Тоо. – №23-24. – 2010 31-март.

[11] Вечерний Бишкек. – №52. – 2010. – 31-март.

шаарынын борбордук көчөлөрү дагы оңдолоорун убада кылган. Пенсия-пособиелердин көбөйтүлөөрүн, бирок пособия алуучу үй бүлөлөрдү текшерип чыгуу керек экендигин айткан[12].

Ошондой эле Данияр Үсөнов чогулган элге бийлик тарабынан элге эч кандай кысым көрсөтүлбөй эле тургандыгын жана элге ээн эркин эле ойлорун билгизгенге уруксаат берилип жатканын, мурдакы бийлик бийлик болгондо эч кандай сөз эркиндигин берилмек эместигин айткан[13]. Бул жолугушуу бийлик үчүн тескери натыйжаларды алып келген, анын соңунда катышуучулар 5-бөлүмдөн турган төмөнкүдөй талаптарды коюшкан:

●Электр энергиясынын баасын мурунку 70 тыйынга жеткирүү;

●Жетим-Тоодогу чалгындоо иштерин токтотуу;

●«Кыргызтелеком», «Түндүкэлектро» ишканаларын кайра мамлекетке кайтаруу;

●Жергиликтүү жетекчилерди кызматтарынан кетирүү;

●Нарындыктардын буга чейинки талаптарын ишке ашыруу.

Бул талаптар бир жуманын ичинде аткарылбаса, нарындыктар радикалдуу чараларга бара тургандыгы жөнүндө өкмөт башчыга эскертилген.[14]

Ушул күнү Теңир тоо жергесине Азимбек Бекназаров, Алмамбет Шыкматов баштаган оппозиция лидерлери менен Элдик кыймылдын мүчөлөрү ортосунда кайрадан толкундоолорду уюштуруу боюнча сүйлөшүүлөр жүрүп, ал 7-апрелге белгиленген.

Ошол эле мезгилдерде Ат-Башы районунда дагы бир катар кыймылдар башталган. Алар премьер-министрдин оозунан электр энергиясы жана бир катар жергиликтүү масштабдагы көйгөйлөрдү чечүү тууралуу эч кандай ынандыраарлык жооп угушпаганына наразы экендигин, ошол себептен Нарындагы митингге кошулаарын билдиришкен[15]. 7-апрелге белгиленген митингди борбордук аянтта өткөрүү боюнча Элдик кыймылдын мүчөлөрүнүн мэрияга жиберген кат түрүндөгү кайрылуусу толук канаттандырылбастан, акцияны Нарын шаардык М.Рыскулов атындагы музыкалык драма театрынын имаратына же РТС аймагындагы «Нарын-70» паркында өткөрүүгө гана уруксат берилген. Ат-Башы айылында дагы митинг өтө тургандыгы дагы белгилүү болгон. Бул айылдын тургундары жогорудагы айтылып өткөн көйгөйлөрдөн сырткары, Дыйкан айылында кытайлыктар тарабынан чалгындоо иштерин жүргүзүлүп жаткан нефть кени бар жерлерди Кытай Эл Республикасынын кампанияларына ижарага берилгендиги боюнча маалыматтар тууралуу бийликтин так, даана жооп беришин талап кылышкан. Бирок Ат-Башы районунун мамлекеттик администрациясы тарабынан бул маалымат четке кагылган[16].

Ошентип 7-апрелге чейин эле Нарын эли бир нече митингдерди өткөрүп, экономикалык жана саясий талаптарды улам-улам көтөрүп чыгып турушкан. Мындан жыйынтык чыкпаган соң, 7-апрелге даярдыктар көрүлө баштаган.

Ошол кездерде наразычылыктардын борборунун Нарында болушунун жана өнүгүшүнүн бир катар себептери бар болчу. Электр энергиясынын кымбатташы, республиканын эң суук аймагы болгон Нарындын жашоочулары үчүн башкаларга салыштырмалуу көбүрөөк кыйынчылыктарды жараткан. Экономикалык жактан башка региондордон салыштырмалуу артта болгон Нарында социалдык көйгөйлөр өзгөчө курчуп кеткен эле. Жетим Тоо кенин иштетилиши баарынан мурда Нарын региону үчүн оор кесепеттерди алып келмек. Облустун аймагындагы Ак Сай, Арпа жайыттарынын бир бөлүгүнүн Кытайга ижарага берилгендиги (сатылгандыгы) жөнүндөгү маалыматтар да бийликке болгон ишенимди ого бетер төмөндөткөн. Үзөңгү-Кууштун, Каркыранын мисалынан соң жердин сатылып кетиши толук мүмкүн экендигине (же чын экендигине) эл чындап эле ишенишкен. Мына ушундай себептерге байланыштуу Нарын элинин биринчи болуп көтөрүлүшү мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон.

---

[12] Тенир-Тоо. – №23-24. – 2010. – 31-март.

[13] Проект Открытый Кыргызстан.-2010. www. open. kg.

[14] Форум. – №22. – 2010.

[15] Вечерний Бишкек. – 2010. – №34.

[16] Вечерний Бишкек. – 2010. – №57